**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунун токтому №1**

Ысык-Көл району Бостери айылы
2022- жыл "27" сентябрь

Катышты-627
Чогулуштун катышуучулары:
1. Мектеп администрациясы
2. Мугалимдер
3. ата-энелер,

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. 2022-2023-окуу жылына карата иш план менен тааныштыруу.
2. Ата-энелер комитетинин курамын бекитүү

Белгиленген маселе боюнча тарбия завучу Рысмендиев У. төмөнкүлөргө токтолду: "Урматтуу ата-энелер! Өзүңөр билгендей мектеп директорлору конкурстун негизинде шайланып келишүүдө., биздин мектептин жетекчилиги да өзгөрүп Атаев Бактыгул Сабырбекович бекип келди. Азыр сөздү мектеп директоруна берсек. ".

Белгиленген маселе боюнча мектеп директору Атаев Б.С.: "Урматтуу ата-энелер! Август айында директорлор арасында конкурс болуп, мен жакшы көрсөткүч менен өзүм окуган мектепке директор болуп келдим. Буюрса эл үчүн, келечегибиз болгон балдар үчүн иштеп берем деп ойлойм. Айылыбыз илгертеден эле билим жагынан абдан жакшы болуп, нечендеген илимдин кандидаттары, профессорлор чыккан. Мектеп жамааты күчтүү адистерден турат. Буюрса жакшы көрсөткүчтөр менен иш алып барабыз.

Ал эми быйылкы окуу жылынын планына токтоло кетсем, өзүңөр көрүп тургандай жыйын залы ремонт талап кылынат. Буюрса октябрь айы бул ишке ашат деп ойлойм. Окуу жагынан алсак окуучуларыбыз олимпиадаларга даярданып жакшы ийгиликтерге жетишет деген үмүт бар. Өзүбүздүн ардагер агай-эжейлерибиз да окуучулар үчүн демөөрчү болуп, аларга стимул боло тургандай иштерди пландоодобуз."

Жарыш сөзгө чыккандар:
1. Ата-энелер комитетинин төрагасы Жолчуев У. төмөнкүлөргө токтолду: " Урматтуу ата-энелер! Жаңы окуу жылынын башталышы менен, жаңы мектеп жетекчисинин даярдалышы менен эмгек жамаатын куттуктап кетмекчимин. Жаныш Мукашович да бул мектепке көп эмгек жумшады. Эми Бактыгул Сабырбековичке да ишине ийгилик каалап кетмекчимин. Окуу жылынын планы боюнча

жаңатадан бери угуп жатабыз. Балдар үчүн ата-энелер ар тараптан жардам көрсөтүшүбүз керек"

**Чечим.**

1. 2022-2023-окуу жылынын иш планы жактырылсын.

Экинчи маселе боюнча сөз ата-энелер комитетинин төрагасы Жолочуев У.Ж.төмөнкүлөргө токтолду: "Урматтуу ата-энелер! Өзүңөр билгендей мен бир топ жыл 2008-жылдан бери ата-энелер комитетин жетектеп келе жатам. Бул жылдары мектептин ар кандай кем-карчын ата-энелер сиздердин жардамыңыздар менен бүтүрүп келе жатабыз. Эми быйылкы окуу жылы менен ата-энелер комитетинин курамын өзгөртсөк деген сунушум бар. Сиздердин ойлоруңуздарды уксак."
Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Ата-энелердин атынан Исабаев М.: "Мен ата-энелер комитетинин төрагалык милдетине Үчкурткаев З. Сунуш кылам. Замир өзү мектепте иштеп кеткен. Мектеп менен тыгыз мамиледе болуп жүрөт."
2. Ата-энелер атынан Кыдыманов А.: "Бул сунуш туура. Эми төрага өзү милдетинен баш тартып жаткан соң жаңы курам шайланыш керек. Мен да Замир байкенин талапкерлигин колдойм. Комитеттин курамына Мезгилди да кошсок кандай болот?"
3. Ата-энелердин атынан Жылкыбаев А.: "Мезгил байкенин талапкерлиги туура сунуш. Мен колдойм. Мындан сырткары Малабекова Нагиманы да кошсок туура болот деп ойлойм."

Чечим

1. Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин ата-энелер комитети төмөнкү курамда кайра түзүлсүн:
   Үчкурткаев З.Т.- төрагасы
   Шыргыйбеков Мезгил- мүчөсү
   Малабекова Нагима- мүчөсү
2. Ата-энелер комитетине ата-энелер жобосун иштеп чыгуу жагы суралсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын тарбия завучу Рысмендиев У. тапшырылсын.

Директор Атаев Б.С.